УДК: 39:398.5

Керим кызы Ж.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ, магистрант*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ АЛМАМБЕТ БААТЫРДЫН ОБРАЗЫ

*Макалада Алмамбет баатырдын образын шарттаган салттуу сюжеттик мотивдерге, айрым бир мүнөздүү белгилерине анализ берүүгө аракет жасалды.*

***Негизги сөздөр**: эпос, образ, эпика, вариант, каарман, акылман, мотив, сюжет.*

*В статье предпринята попытка анализа традиционных сюжетных мотивов, некоторых характерных признаков, обусловивших образ Алмамбет батыра.*

***Ключевые слова:** эпос, образ, эпика, вариант, герой, мудрый, мотив, сюжет.*

*The paper is an attempt to analyse the traditional story motives, some characteristic features reflecting Almambet batyr's image.*

***Key words:** epic, image, epic, option hero, wise, motif, a plot.*

«Манас» эпосунун мазмунунда өзүнчө кеңири сюжеттүү, окуяларга бай, көркөмдүгү бир кыйла бийик чыгарманын идеялык мазмунун аныктаган олуттуу баяндоолор арбын. «Манас» эпосунда фантастика, миф, апыртуу арбын. Бирок ошого карабастан, «Манас» эпосу – олуттуу окуяларды реалдуу сүрөттөө менен башка элдердин эпосторунан кескин айырмаланган өзгөчө көркөм эстелик. Эпостун мындай өзгөчөлүгүн өз убагында академик В.В.Радлов обьективдүү белгилеп, «кыргыздар өзүлөрүнүн башынан өткөргөн окуяларды сүрөттөйт» деп баса көрсөткөн.

Эпосто бардык окуялар, кеңири сүрөттөлгөн каармандардын образдары башкы баатыр Манастын эпикалык биографиясынын айланасына топтолуп, анын образын идеализациялоого, даңазалоого кызмат этет. Ошону менен бирге эле «Манас» эпосунун олуттуу мүнөздүү өзгөчөлүгү – Манас баатырды бир беткей эле мактоого алып, даңазалай бербейт. Ырас, Манас чыныгы элдик баатыр экендигинде шек жок. Бирок эпосто анын кемчилиги, ойлонбой, акыл менен иш кылбаганы ачык эле айтылат. «Жоону сайса ким сайды, аты калды Манаска» деген элдик акылман сөздүн терең философиялык мааниси бар. Элдин атынан айтылган катуу чындык, адилет, калыс улуу сөз. Чынында, Манасты Манас кылган Алмамбет, Чубак, Сыргак өңдүү эр жүрөк баатырлары, Бакай, Кошой өңдүү акылман, даанышман, «тар жол, тайгак кечүүдө» жол көрсөткөн кеменгерлери, «кара тилин кайраган, кан алдында сайраган» Ажыбайдай чечени, мыкты элчиси, «отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн», каардуу, көп сандуу душмандан кайра тартпаган кырк жигити эмеспи.

«Манас» эпосунун идеялык мазмунун аныктоодо Алмамбеттин алган орду, баатырдык эрдиги, башкаларда жок сырдуу сапаты, Манаска жан дили менен өтөгөн ак кызматы өзгөчө. Анткени Алмамбеттин образы – «Манас» эпосунун сюжеттик составында эң байыркы оң образдын бири катары эл арасында өзгөчө урмат-сыйга ээ болгон, популярдуу классикалык образ. XIX кылымда эле В.В.Радлов жазып алган материалда Алмамбеттин окуясы кеңири баян болуп айтылат. Алмамбеттин образына диний мотивдин киришин кийинки эле доордун кирген көрүнүшү катары карап баалоо туура болор. Бул маселени «Манас» эпосун изилдеген академик В.М.Жирмунский баштаган окумуштуулар да ырасташат. «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» аттуу атайын илимий эмгек жазган окумуштуу Р.Сарыпбеков мындай бир баалуу, негиздүү, далилдүү оюн билдирет: «Алмамбеттин окуясынын» бүгүнкү күндөгү кээ бир варианттарында мусулман динине ылайыкташкан айрым мотивдердин орун алышы элдин байыркы көз караштарынын, түшүнүктөрүнүн, ишенимдеринин үстүнө түшкөн чаң катары каптоо аркылуу киргенин эске алуу…» керек дейт [Сарыпбеков: 1977].

Ошентип, Алмамбеттин образы – дин менен чүмбөттөлгөн образ эмес, Манастын образындай байыркы образдын бири. М.Ауэзов адилеттүү белгилегендей «Борбордук орунду Манас менен бирге бөлүшө алган жалгыз образ» [Ауэзов: 1961].

Доор, заман, тарыхый кырдаал, турмуш өзгөрүп, ошону менен бирге элдин көз карашы, түшүнүгү, ишеними өзгөрүп отурганы белгилүү. Демек, Алмамбеттин образы да жаңылануууга, өзгөрүүлөргө дуушар болору табийгы көрүнүш, жакшы менен жаман да жаңыланып, жаңы касиетке, сапатка, ал тургай, карама-каршы түшүнүктү жаратышы толук мүмкүн. «Манас» эпосунда Манас баатырдын эпикалык биографиясы кеңири сюжеттүү окуя болуп сүрөттөлсө, Алмамбеттин туулгандан өлгөнгө чейинки өмүр жолу да өзүнчө кеңири сюжет болуп, эпикалык биографиясы толук айтылат. С.Каралаевдин вариантында Манастай эле Алмамбет төрөлө электе, анын төрөлөрүн сезип, ал кытайларга чоң коркунуч алып келери даңзасына чийилген болот:

Алмамбет аттуу туулса
Түпкө ошол жетет деп
Түгөөл кырып кетет деп
Эсенкандай какандын
Даңзасына чийилген. (С.К.)

Алмамбеттин эпикалык биографиясында Манас баатырдай эле болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшүн шарттаган салттык-сюжеттик мотивдер бар. Алардын бири – бала көрбөй жүрүп балалуу болушу, т.а., баласыздык мотиви. Баласыздык мотиви −дүйнөлүк фольклордо, бөтөнчө, түрк тилдүү элдердин баатырдык эпосторунда кеңири учураган, бекем салтка айланган мотив. Алмамбет өзүнүн Манаска айткан баянында:

«Баласы жок шордуу атам,
Эркек бала айынан
Алтымыш катын алыптыр,
Туяксыз болуп калыптыр» (С.К.) – дейт.

Ошондой эле Алмамбеттин эпикалык биографиясында болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшүн шарттаган кереметтүү түш да бар. С.Каралаевдин айтуусунда Алмамбеттин энеси Алтынай Каныкейдей эле он эки кыздын кенжеси болуп сүрөттөлөт. Алтынай түшүндө Дубананы көрүп, Нурдун уулу менен никелешкен болот:

Нурдун кызы ушул деп
Нурдун уулу ушул деп
Түнүндө нике кыйыптыр.
Койнундагы жаш бала
Көздөн кайым болуптур (С.К.).

Бул сю жеттик мотив дүйнөлүк фольклордо кеңири учурап, илим дүйнөсүнө белгилүү. Чынгызкан жөнүндөгү уламыш-болумушта анын нурдан төрөлгөндүгү айтылат. Чынгызкандын инилери аны жерип, никесиз төрөлгөн «арам сийдиксиң» деп кордогондо, Чынгызкан колундагы жаасын күндүн нуруна илип, Нурдан төрөлгөнүн далилдеген имиш. Алмамбеттин атасы Азизкан уулунун төрөлгөнүнөн шектенип, «арам сийдик бу болсо, башын чаап салайын» деп, «түпсүз кара кудукка» салып сынайт. Баатырдын кереметтүү төрөлүшүн шарттаган дагы бир салттуу мотив – баланын өзгөчө белгилер менен төрөлүшү.

Курган энем тууганда
Сүндөттөлүп кесилүү.
Менин эки колумдан
Кара кан кеткен төгүлүп.
Каканчындын Бээжинде
Жетимиш күнү күн жаап,
Жер титиреп кетиптир.

Мисалда ачык көрүнүп тургандай, Алмамбет Манас төрөлгөндөй эле колунда кара кан болуп, өзгөчөлүгү «жетимиш күнү күн жаап, жер титиреп, «сүнөттөлүп кесилүү» деп, төрөлгөндө эле мусулман болуп төрөлөт.

«Манас» эпосунда диний катмар, диндин таасири да белгилүү деңгээлде бар экендигин жокко чыгарууга болбойт. Окумуштуулардын негиздүү далили боюнча бул мотив энелик доорго таандык. Энелик доордо баланын атасынын ролу, коомдо алган орду өтө төмөн болгон тура. Алмамбеттин ысмын да түздөн түз эле дин менен байланыштырган иликтөөчүлөр да жок эмес. Ал эми «Манас» эпосун изилдешкен академик В.М.Жирмунский баштаган белгилүү окумуштуулар диний катмар эпоско кийин эле киргендигин негиздүү, олуттуу аргументтер менен делилдешип, баса белгилешет. Окумуштуу Р.Сарыпбеков «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» аттуу эмгегинде «… Алмамбеттин образы байыркы мифтик-фантастикалык эпостун каарманынан тарыхый-баатырдык эпостун каарманына айланган», - дейт [Сарыпбеков: 1977]. Демек, энелик доордо атанын укугу өтө төмөн болуп, бала энеге таандык, т.а., эненин баласы. Мына ушул мотив дүйнө элдеринин мифтеринде, жомоктордо, «Илиада», индиялыктардын «Махабхарата», иран-тажиктердин «Шах-Намэсинде» ж.б. өтө кеңири учурап салтка айланган. Кереметтүү бойго бүтүү ар кандай көрүнүштөрдө өтө арбын жолугат. Тунук булактан суу ичкенде, күндүн нурунан, ар кандай жемиш жегенде («Манас» эпосунда алма жеп төрөйт) ж.б.у.с.

Ошентип, Алмамбеттин экиликтүү генеалогия менен кереметтүү бойго бүтүшү дүйнөдө кеңири тараган салттуу сюжеттик мотив (экиликтүү дегенибиз Алмамбеттин атасы Азизкан, бала Нурдан төрөлүп жатпайбы, б.а. эки атанын баласы деген түшүнүк). Кийинки доорлордо бул мотив өзгөрүп, окуя карама-каршы көрүнүштөргө айланат. Жаңы ишеним, түшүнүк менен эски түшүнүктүн, ишенимдин кармашы башталат. Буга Алмамбеттин кытай кандары менен болгон кармашы, кагылышы ачык күбө. Алмамбеттин окуясынын башаты мына ушул жерде жатат. Алмамбеттин эпикалык образында баатырга ат коюу, баатыр менен бирге анын жоого минер атынын бир күндө туулушу өңдүү салтык сюжеттик мотивдер бар. Дүйнөлүк эпостун тарыхында баатырдын жоого минер атына бөтөнчө маани берилет. Алмамбеттин образы өзүнчө кеңири сюжет болуп баяндалса, анын жоого минер аты да өзүнчө образга ээ. Алмамбет баатыр менен анын жоого минер аты Сараланын бир күндө төрөлүшүнүн өзгөчө терең философиялык мааниси бар.

«Ак сакалчан дубана
Атымды Алмамбет коюп салыптыр.
Ошол кезде тору бээ
Сараланы тууптур» (С.К.).

Демек, алардын тагдыры бир деген олуттуу түшүнүк, ишеним камтылган. Эпосто «Алмамбет шейит кетип, Аккула окко учуп», Манас Таласка келип өлүп жатпайбы. Алмамбеттин сөөгүн Саралага жүктөп Таласка жеткирет.

Ошентип, Алмамбеттин кереметтүү төрөлүшүн шарттаган салттуу сюжеттик мотивдер дээрлик бардык манасчыларда өзүнчө сюжет болуп баяндалат. С.Орозбаковдо кудайга жалынып, балалуу болсо, Саякбай менен М.Чокморовдо Алмамбет Нурдан төрөлөт. Кыскасы, салттуу сюжеттик мотивдер баатырдын образын даңазалап, эпикалык идеализациялоо үчүн кызмат этет. Бул мотивдер түрк-монгол эледеринин фольклорунда кеңири учурап, бекем салтка айланган.

Атасы Азизкан Алмамбетти илимдүү-билимдүү болсун, кармашкан душман Коңурбайдан өч алсын деп ажыдаардан окутат:

Төмөнкү жалгыз көздүн элинде,
Суук төр деген төрүндө,

Алтымыш баштуу ажыдаар
Андан барып окуп кел (С.К.).

Ал эми ажыдаар барган балдардын көпчүлүгүн соруп жеп коёт:

Алты жүз бала бир барып,
Алты бала бир келдик (С.К.).

Ошентип, Алмамбет ажыдаардан окуп сыйкырчылык өнөргө ээ болот, анын жайчылык өнөргө ээ болгонун, башка толгон жаратылыштын кубулуштарынын тилин билгенин белгилүү манасчы Мамбет Чокморов төмөнкүчө баян этет:

Жети миң бала жыйдырды,
Азизкандын жалгызы
Жер астынан окуду.
Суунун тилин билиптир,
Аскаларда оттогон
Кайып тилин билиптир.
Асип кылган айбанча
Алмамбет чөптүн тилин билиптир.
Перинин тилин билиптир,
Ааламдын бары жашаган
Жердин тилин билиптир,
Көптүн тилин билиптир. (М.Ч.)

Бул сюжет жөө жомокко мүнөздүү, демек, жомоктон эпоско көчкөн. Кытайдын ашкан мергени Каражой уулу Кожожаш Алмамбет менен бирге окуйт, бирок үч ай көбүрөөк билим алат. Кийин ал Саякбайдын айтуусунда кыргыздын баатырларынын көбүн атып өлтүрөт. Алмамбет он үч жашка келгенде биринчи эрдик көрсөтүп, Коңурбай менен кармашып, аны жарадар кылат. Алмамбеттин Коңурбай менен кармашканынын алгачкы себеби – Азизкандын Кан-Жайлак деген жайлоосун тартып алат.

Ошол кезде Коңурбай,
Атакемдин Кан-Жайлак,
Зордук кылып бербестен
Такыр тартып алыптыр. (С.К.)

Алмамбет – калыс, адил, элдин кызыкчылыгын, идеясын жактаган баатыр. Ал Коңурбай өңдүү адилетсиз бийликтин ээсине каршы болуп, динге кирген кийинки мотиви анын Кытайдан качуусуна себеп болот. Мында эпоско өтө кийин кирген диний мотив эпостун негизги салттуу окуялары менен жуурулушуп бириге албай, жасалма экендиги ачык эле көрүнүп турат. Буга эпостун идеялык мазмунун аныктаган, сырттан басып кирген душмандарга каршы боштондук күрөшү ачык күбө.

Алмамбет баатырдын окуясын Ч.Айтматовдун баалуу пикири менен бүтүрүүнү туура көрдүк: «Дүйнөлүк эпиканын чаркын жылоологон, улуу десек, улуудан ашкан, татаал десек татаалын баскан, философия-трагедия касиетин камтыган, Алмамбеттин кытайдын кантегини, кийин Манастын билерман колбашчысы, чоросу болгон Алмамбеттин образы чыга келет. Элим адилет, кайрымдуу болсун деген кытай безери, кудай менен акимдердин садагасына адам жанын кыюуга каршы чыккан кытай безери, кыргыздарга кас ордонун өкүлү болгону, кытай безери Алмамбет теги кытай болгондугуна карабай эпостун кайнаган борборундагы көрүнүктүү кейипкер болуп чыгат, дин чели жабылган болсо да насили элдин асыл нарк менен адептин аруулугуна каниет кылган кейипкер болуп чыгат. Акыйкатын айтсак, Алмамбет руханий зили жагынан Манастан бийик турат жана жердигинен көсөм, ойчул жаралган кытайдын кантегини Манастан жалаң гана улуулук менен кара күчтү көрбөстөн, акыры жүрүп анын өз башын жутар кыйчалыш табиятын да

билип турат. Дүйнөлүк адабияттан ушуга окшогон канча мисал таба алабыз? «Жолборс терисин кийген баатырды» албаганда, бөтөн улуттун адамына ушунчалык улуу урмат көрсөтүлгөн мындай учурду дээрлик таба албайбыз. Мына ушунун өзү «Манас» түпкү тегинен бери интернационализдин асыл наркын ала келгендигине күбө болобуз» [Айтматов: 1988].

**Адабияттар:**

1. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун тарыхын өнүгүшүнүн негизги этаптары. -Фрунзе, 1981.
2. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. -Фрунзе, 1988.
3. Ауэзов М. Киргизская народная поэма «Манас». Китепте: Киргизская героический эпос. -Москва, 1961.
4. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». Китепте: Тюркский героический эпос. -Ленинград, 1974.
5. «Манас». Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. -Бишкек: Турар, 2010.
6. Сарыпбеков Р. Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү. -Фрунзе, 1977.